Искусство

УДК:7.03 (1-925.2)
DOI: 10.52754/16947452_2022_2_207

# ОШ ОБЛУСУНДАГЫ КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮНҮН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ

*Ысмайылов Мухтар Зулпукарович*
*п.и.к., доцент,*
*Мамазаиров Мирлан Латипович*
*улук окутуучу,*
mamazairov2@gmail.com
*Мамарайимов Кубанычбек Жолдошович*
*магистрант.*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *Макалада Кыргыз республикасынын көркөм сүрөт өнөрүнүн түптөлүшү, басып өткөн жолу жана анын Ош областында, деги эле түштүк аймактарда өнүгүүсүнүн тарыхы баяндалган. Кайсыл бир элдин же мамлекеттин дүйнөлүк маданияттагы жүзүн көрүү үчүн, живопись, графика, скульптура, архитектура сыяктуу көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрүндөгү чыгармалар эске алына тургандыгы жана көркөм өнөрдүн аталган түрлөрүнүн ырааттуу түптөлүшү жана өнүгүшү баяндалды. Ошол эле учурда Кыргыз көркөм сүрөт өнөрү, чыгаан чыгармачыл инсандары жана алардын дүйнөлүк көркөм өнөрдөгү орду, алардын балдарга көркөм билим берүү тармагына тийгизген таасири жөнүндө бир катар илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөнү менен маселеге белгилүү деңгээлде маани берилбей келгендиги, ушул жагынан алып караганда маселе актуалдуу экендиги айтылат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Көркөм сүрөт өнөрү, инсан, жан дүйнө, шык – жөндөм, талант, көндүмдөр, живопись, графика, скульптура, архитектура, декоративдик колдонмо өнөр, шедевр, логикалык ой жүгүртүү, өнөр мазмуну, акыйкат, өнөр тили, чыгармачылык, чагылдыруу, сүрөткер.*

# ИСТОРИЯ РАЗВИТИЯ ИЗОБРАЗИТЕЛЬНЫХ ИСКУССТВ В ОШСКОЙ ОБЛАСТИ

*Ысмайылов Мухтар Зулпукарович,*
*к.п.н., доцент,*
*Мамазаиров Мирлан Латипович*
*старщий преподователь,*
mamazairov2@gmail.com
*Мамарайимов Кубанычбек Джолдошович,*
*магистрант,*
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *В статье описывается история искусства Кыргызской Республики, ее история и развитие в Ошской области и на юге в целом. Констатировано, что для того, чтобы увидеть лицо нации или государства в мировой культуре, учитываются произведения в области искусства, такие как живопись, графика, скульптура, архитектура и постепенное становление и развитие этих видов искусства. В то же время, несмотря на то, что проведен ряд научных исследований, посвященных кыргызскому искусству, выдающимся творческим личностям и их месту в мировом искусстве, их влиянию на художественное образование детей в определенной мере уделяется недостаточно внимания.*

***Ключевые слова:*** *Искусство, личность, душа, мастерство - талант, талант, мастерство, живопись, графика, скульптура, архитектура, декоративно-прикладное искусство, шедевр, логическое мышление, художественное содержание, правда, художественный язык, творчество, рефлексия, художник.*

## HISTORY OF THE DEVELOPMENT OF FINE ARTS IN THE OSH REGION

*Ysmayilov Mukhtar Zulpukarovich,*
*candidate of pedagogical sciences,*
*associate professor,*
*Mamazairov Mirlan Latipovich*
*senior lecturer,*
mamazairov2@gmail.com
*Mamaraimov Kubanychbek Dzholdoshovich*
*master student,*
*Osh State University,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract***: *The article describes the history of art of the Kyrgyz Republic, its history and development in the Osh region and in the south as a whole. It was stated that in order to see the face of a nation or state in world culture, works in the field of art, such as painting, graphics, sculpture, architecture, and the gradual formation and development of these art forms, are taken into account. At the same time, despite the fact that a number of scientific studies have been carried out on Kyrgyz art, outstanding creative personalities and their place in the world of art, their influence on the art education of children, the issue remains unattended to a certain extent.*

***Keywords:*** *Art, personality, soul, skill - talent, talent, skill, painting, graphics, sculpture, architecture, arts and crafts, masterpiece, logical thinking, artistic content, truth, artistic language, creativity, reflection, artist.*

### Киришүү

Белгилүү бир мамлекеттин же коомдук структуранын өнүгүү жолун байкоо үчүн анын сырткы формасына, ички мазмунуна илимий анализ жүргүзүү, руханий маданиятына – кол өнөрчүлүгүнө, элдик көркөм чыгармачылыгына жана көркөм дүйнөсүнүн өнүгүү тарыхына парасат салуу, баам жүргүзүү эң башкы зарылчылык. Кылым карыткан байыркы тарыхы бар

Кыргыз элибиз эл болуп түптөлгөндөн бери өзүнө мүнөздүү элдик көркөм кол өнөрчүлүгү (шырдак, ала кийиз, килем, таар, терме, сайма, жыгаччылык, темирчилик, саймачылык, узчулук ж.б.у.с.) менен башка элдерден өзгөчөлөнүп турат. Деген менен кайсыл бир элдин же мамлекеттин дүйнөлүк маданияттагы жүзүн көрүү жөнүндө сөз болгондо, живопись, графика, скульптура, архитектура сыяктуу көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрүндөгү чыгармалар эске алынат. Ал эми көркөм өнөрдүн аталган түрлөрүнүн түптөлүшү, калыптанышы жана өнүгүшү СССРдин курамында Кыргыз ССРи болуп малекет катары түзүлгөндөн баштап белгилүү. Мына ошол себептен өлкөбүздүн түштүк аймактарындагы көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхын илимий жактан изилдеп чыгуу бүгүнкү күндүн **актуалдуу** маселелеринин бири катары ачык бойдон турат. Учурда жаңы муун үчүн көркөм өнөр баалуулуктары негизги меселе эмес, анткени бүтүндөй ааламды мультимедиялык апаат каптап баратат. Ошондуктан илимий изилдөөлөрүбүздүн багытын улуу муундардын эстетикалык баалуулуктарынын табиятын ачып, окуу - тарбиялык процесстердин мазмуну катары көрсөтүү жагына бурдук жана мындай аракеттер заман талабы десек да болот.Ошентип, маселенин зарылчылыгы кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн тарыхына алгачкылардан болуп из салып, чыгармачыл дүйнөнүн шедеврлерин жасаган алп инсандардын ишмердүүлүктөрүн, алардын көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхындагы ордун, кошкон салымдарын анализдеп, жаш муундарды көркөм тарбиялоонун мазмуну катары аныктоо зарылчылыгы менен бүгүнкү ааламдашуу процесстериндеги арзан компьютердик икусствонун ортосундагы карама – каршылыктардан улам келип чыгууда.

**Материалдар жана изилдөө методдору**

Өлкөбүздүн түштүк аймактарындагы көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхы, анын көйгөйлүү маселелери жөнүндө бир топ жылдардан бери иликтөөлөрдү жүргүзүп келебиз. Коомдук, мамлекеттик жана билим берүү уюмдарынын документацияларын анализдөө, көркөм – педагогикалык жана илимий адабияттарды анализдөө сыяктуу илимий изилдөө методдорун колдонуунун натыйжасында бир катар зарыл маалыматтарга ээ болдук. Көркөм сүрөт өнөрүн монографиялык изилдөө иштери көп эле жүргүзүлүп келатканы менен, өлкөбүздүн ар кайсыл аймактарындагы, анын ичинде Ош облусундагы сүрөткерлердин чыгармачылыгына арналган эмгектери көп эмес.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**

Кыргыз көркөм сүрөт искусствосунун өнүгүү тарыхына жана чыгармачыл инсандарынын өмүр таржымалына арналган илимий изилдөөлөргө көңүл буруууну туура таптык. Алгачкылардан болуп 1941-жылы жарыкка чыккан эмгек А.Роммдун «Кыргыз ССРинин көркөм сүрөт өнөрүнүн

өнүгүү тарыхынын очерктери» [1, 44-46] китеби, мында кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн согушка чейинки мезгилди изилдеп жалпылап көрсөткөн. О.Попованын «Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрүндөгү пейзаж» [2] аттуу китеби да ушул жааттагы алгачкы эмгектердин бири. А.Роммдун «Кыргыз ССРинин көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхынын очерктери» [1, 44-46] китеби кыргыз элинин искусствосу жөнүндөгү алгачкы эмгек болуп саналат жана бул китепте автор Кыргызстандагы живопистин согушка чейинки убактагы өнүгүүсүнүн мүнөздөмөсүн берген. Бул эмгекте көркөм процесске туура баа берүү менен кошо бир топ күмөн жерлери бар, бул автордун 1930-жылдарга чейинки сүрөтчүлөрдүн чыгармачыл ишмердигин толук билбегендиктен улам болгон. Себеби, Ромм 1921-жылы Кыргызстанга келген В.В.Образцовдун чыгармачылыгына эң алгачкы живописчи катары кайрылат, бирок ал убакта С.А.Чуйков 1917-1921-жж.

Кыргызстанды алгачкы жолу өз эмгектеринде чагылдыргандыгы Мамлекеттик Третьяков галереясында, Кыргыз Улуттук көркөм өнөр музейинде сакталган картиналары тастыктайт. Бирок, ушундай эле көз караштагы искуство таануучу А.Воронина да айтат. Анын пикиринде, Кыргызстанда профессионалдуу искусствонун пайда болуп, өнүгүшүндө Чуйковдон мурда Образцовдун салымы чоң, себеби, 1921-жылы Чуйков Москвага окууга жөнөп кеткенде, Образцов 1919-1921-жж. Ташкент элдик көркөм мектебин окуп бүтүрүп, Кыргызстанга келген. Бирок, 1927-жылы Москвада өткөн Бүткүл союздук көргөзмөдө Кыргызстандын атынан Чуйков катышкан. Ошентсе да, В.В.Образцовдун портреттик жумуштарда Гогенге жакындыгын тануруга болбойт жана ал акыркы чыгармаларында 1920-жж. орус живописинин формалисттик багыттарынын бир катарына мүнөздүү болгон шарттуу-декоративдик чечимдерге көбүрөөк кайрылган. Роммдун китебинде скульптура бөлүмү каралган эмес, себеби, согушка чейинки мезгилде пластиканы венгер скульптору Л.Месароштун чыгармалары көрсөткөн, бирок, ал 1938-жылы репрессияланган жана анын чыгармачылыгы 1950-жылдардын жарымына дейре көмүскөдө калган. Графика тууралуу да эч нерсе айтылган эмес, бирок ошол убакка убактылуу басылмаларда рисуноктор түрүндө болгон жана кыргыз жазуучуларынын алгачкы китептерин иллюстрациялоо боюнча жумуштар башталган эле.

Жогоруда айтылган кемчиликтерге карабастан, Роммдун китеби окурмандарды Кыргызстандын биринчи көркөм сүрөт өнөрү менен тааныштырган, көркөм материалды системалаштырган жана жалпылаган алгачкы эмгек болуп саналат. Бирок, живопистин, графиканын, скульптуранын өнүгүүсүнүн көптөгөн актуалдуу көйгөйлөрү ачылбаган бойдон калган.

Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрүнүн альбомдоруна киришүү макалалар түрүндөгү чакан жумуштарды Н.Черкасова, С.Волосович, О.Попова жазган. Аларда өлкөнүн 1930-1970-жж. профессионалдуу көркөм сүрөт өнөрү кыска формада чагылдырылган. Бул макалалар кыска жана толук эмес болгондуктан, кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн даана көрсөтүп бере алган эмес. 1971-жылы Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын Философия жана укук институтунун эстетика жана искусство таануу сектору «Кыргыз искусствосунун тарыхы» деген китеп чыгарган. Анда музыканын, театрдын, кинонун, көркөм сүрөт өнөрдүн тарыхы боюнча кыска очерктер болгон жана өлкөдө живопистин негизги өнүгүү тенденцияларын көрсөтүүгө аракет жасалган.

Кыргыз живописинин 1917-1941-жж. өнүгүү жолун Б.Будайчиев өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө көрсөткөн [3, 17] Ал эми кыргыз элинин эстетикалык көз караштары жана орус көркөм сүрөт өнөрүнүн реалисттик салттары менен болгон байланыштарындагы кыргыз живописинин өнүгүүсүнүн теориялык жалпылоочу процессин талдаган алгачкы жумуш О.Попованын 1982-жылы жарыкка чыккан «Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрүндөгү пейзаж» аттуу эмгеги болуп саналат. Мындан тышкары, Кыргызстандагы искусство чеберлеринин чыгармачылыгы тууралуу өзүнчө монографиялар басылып чыккан – С.А.Чуйковдун, Л.А.Ильинанын, А.И.Игнатьевдин, Г.А.Айтиевдин, С.М.Акылбековдун, А.Н.Михалевдун, О.М.Мануйлованын, Т.Садыковдун, А.Осташевдин чыгармачылыктары изилденген. С.Чуйковдун кыргыз искусствосунун өнүгүшүндөгү мааниси жана СССР элдеринин искусствосунун катарындагы орду Совет көркөм сүрөт өнөрүн изилдөөлөрдө бир канча жолу белгиленген. Бир кыйла терең изилдеген эмгек катары Д.Сарабьяновдун «Семен Чуйков» аттуу эмгегин саноого болот. Бул китепте Кыргыз живописинин негиз салуучусунун чыгармачыл чыйыры изилденип, Советтик Кыргызстандын профессионалдуу искусствосунун калыптануусунун социалдык шарттарына илимий талдоо жүргүзүлгөн.

Натыйжада жогорудагы саналган эмгектерге карабастан, Кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн тарыхы, анын ичинде Ош облусундагы көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү жолу толук изилденип жазыла электиги белгилүү болду. Көркөм материалдар системалаштырылган эмес, Ош облусунун көркөм сүрөт өнөрүнүн калыптануу жана өнүгүү этаптары тууралуу жалпылоочу эмгек жок. Ошондуктан, Октябрь революциясынан кийин эле чоң жетишкендиктерге жана ийгиликтерге жеткен Ош облусунун көркөм сүрөт өнөрүн жалпылоочу илимий жактан изилдөө зарыл болуп турат. Ошол себептүү, изилдөөбүздүн илимий аппараттары аныкталып, бул илимий жумушта кыргызстандагы, анын ичинде Ош облусундагы көркөм сүрөт өнөрүнүн пайда болуу жана калыптануу

процессин изилдөө, Ош облусундагы көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн тактоо, көркөм сүрөт өнөрүнүн билим берүү тармагына тийгизген таасирин изилдөө сыяктуу бир катар иликтөө багыттары айкын көрүнүп турат.

"Өлкөбүздүн түштүк аймактарындагы көркөм сүрөт өнөрүнүн пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү механизмдерин жана анын билим берүү чөйрөсүнө тийгизген таасирин иликтөө маселеси буга чейин каралбай келгендиги айгинеледи. Кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү жолун жана анын Ош облусунда калыптанышын тереңирээк изилдеп чыгуу зарылчылыгы белгилүү болду. Ушундан улам чет элдик жана ата мекендик авторлордун искусство таануу жаатындагы эмгектери да иликтене баштады.

**Корутунду**

Маселенин алкагында өлкөбүздүн түштүк аймактарында жана анын ичинде Ош облусундагы көркөм сүрөт өнөрүнүн пайда болуу жана өнүгүү тарыхы анализделди. Ош облусунун көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү каралды. Көркөм сүрөт өнөрүнүн билим берүүдөгү таасири жана орду Ош облусундагы атайын көркөм сүрөт мектептеринин мисалында да изилденди. Буга мисал катары Ош шаардык Гапар Аайтиев атындагы көркөм өнөр мектеби, Ноокат райондук көркөм - эстетикалык гимназиясы, Ош шаардык балдардын «Келечек» чыгармачыл борбору жана башка көркөм билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүктөрү көңүлгө алынды.

Алынган материалдар искуусство таануу, билим берүүдөгү көркөм сүрөт өнөрү, маданият, музей социологиясы жаатындагы теориялык баалуу маалыматтарды да өз ичине камтыйт. Көркөм сүрөт өнөрү маданият тармагынын бир бөлүгү болуу менен бирге, маданият мекемелеринин бири болгон музей ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышкан жана ошондой эле, билим берүү тармагында да белгилүү деңгээлде салмактуу орду бар экендигин бышыктады.

Ошентип ошол кездеги СССР сүрөтчүлөр Союзунун татыктуу мүчөлөрү, сүрөтчүлөр Союзунун Ош облустук бөлүмүнүн түптөлүшүнө, Өлкөбүздүн түштүк аймактарында көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүүүсүнө ак эмгектери менен опол тоодой салым кошкон У. Ахунов, А. Асранкулов, А. Бейшенов, Б. Джалиев, М. Оморкулов, Т. Касымов, А. Мурзакаримов, А. Эпп, Г. Сатаров, Д.Хеидзе, Л.Горбунов ж.б. сыяктуу чыгаан инсандарыбыз жөнүндө ар тараптуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүбүз ачылды.

**Адабияттар**

1. А.Ромм. «Кыргыз ССРинин көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхынын очерктери» М.; Л.:Искусство 1941 - ж.

2. О.Попованын «Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрүндөгү пейзаж» Живопись. Фрунзе: Кыргызстан 1982-ж.-80 б.
3. Б.Будайчиев Становление и развитие киргизской живописи в период 1917-1941 гг. Автореферат диссертации канд. Искусствоведения.-Л., 1974 г.
4. Ысмайылов М.З. (2012). Биринчи класстын көркөм сүрөт өнөрү сабагын пландоонун болжолдуу иштелмелери: Усулдук колдонмо.Ош:44.
5. Эшбаев М.Э. Сүрөт искусствосу боюнча терминдердин түшүндүрмө сөздүгү.Ош.1994-ж.
6. Интернет булагы: https://ky.m/wikipedia.org/wiki/, https://ky.m.wikipedia.org/wiki/